
ҚАЗАҚСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ МӘДЕНИЕТ ЖӘНЕ СПОРТ МИНИСТРЛІГІ
ҚАЗАҚСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ СУРЕТШІЛЕР ОДАҒЫ
АЛМАТЫ ОБЛЫСЫ МӘДЕНИЕТ БАСҚАРМАСЫ

# Ә.ҚАСТЕЕВТІҢ ТУҒАНЫНА 110 ЖЫЛ ТОЛУЫНА АРНАЛҒАН ХАЛЫҚАРАЛЫҚ ҒЫЛЫМИ-ПРАКТИКАЛЫҚ КОНФЕРЕНЦИЯ МАТЕРИАЛДАРЫНЫҢ ЖИНАҒЫ

# СБОРНИК МАТЕРИАЛОВ МЕЖДУНАРОДНОЙ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКОЙ КОНФЕРЕНЦИИ, ПОСВЯЩЕННОЙ 110-ЛЕТИЮ СО ДНЯ РОЖДЕНИЯ А.КАСТЕЕВА



4 шілде – 21 қараша 2014,
Алматы

**ҚАЗАҚСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ МӘДЕНИЕТ ЖӘНЕ СПОРТ МИНИСТРЛІГІ**
**ҚАЗАҚСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ СУРЕТШІЛЕР ОДАҒЫ**
**АЛМАТЫ ОБЛЫСЫ МӘДЕНИЕТ БАСҚАРМАСЫ**

**Ә.ҚАСТЕЕВТІҢ ТУҒАНЫНА 110 ЖЫЛ ТОЛУЫНА АРНАЛҒАН ХАЛЫҚАРАЛЫҚ ҒЫЛЫМИ-ПРАКТИКАЛЫҚ КОНФЕРЕНЦИЯ МАТЕРИАЛДАРЫНЫҢ**

# ЖИНАҒЫ

# СБОРНИК


**МАТЕРИАЛОВ МЕЖДУНАРОДНОЙ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКОЙ КОНФЕРЕНЦИИ, ПОСВЯЩЕННОЙ 110-ЛЕТИЮ СО ДНЯ РОЖДЕНИЯ А.КАСТЕЕВА**

**4 шілде – 21 қараша 2014 жыл**
**Алматы**

Жогоруда Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарынын Ала-Тоо аянтында орнотулган «Айкөл МАНАС» скульптуралык эстелиги. Кыргыз руханий маданиятынын туусу болгон бул эстелик 2011-жылы 31-августа тургузулган. Эстеликтин өзүнүн бийиктиги 9 метр, жалпы бийиктиги 21 метр, салмагы 12 тонна, материалы металлдан – коло. Бул эстеликтин, албетте, руханий, тарыхый, символикалык канчалык мааниси бар экендигин ар бир жаран өз жүрөгү менен сезип тургандыр. Мындай таасир калтыра турган сапатка эстеликтин өзгөчөлүгү жөнүндө француз скульптору Э.Фальконе – жалпы фондон айырмаланып таасирдүү көрүнүшү зарыл деп белгилейт. Албетте, мындай куттуу символикалык мааниси бар эстеликтерди жасоодо скульптуралык илим-билимдин жетишкендиктери эске алынды. Бирок, ушул «Айкөл МАНАСтын» эстелигин жасоодо калк билсин деп айта турган дагы бир сөзүм бар. Аны жасоо мен үчүн абдан жоопкерчиликтүү жана сырдуу мааниге ээ болду. Бул эстеликти жасоодон алты-жети жыл мурда, бир аксакал адам телефон чалып, - «Мен сага айта турган сөзүм бар, уулум. Шаарды жакшы билбейм. Сен Октябрь кинотеатрынын жанына кел», - деп чакырды. Аксакал адамдын сөзүн калтырбайын деп айткан жерди таап барып кезиктим. Ал адам, - «Уулум. Сен Манастын эстелигин жасайсың. Кийинчерээк. Азыр ылайыгы келбей турат. Бирок, бул эстелик сенин колуңдан чыгат. Эстеликти жасоого даярдаш керек». Бул аксакалдын сөзүнө ишенбесем да, көңүлүн калтырбайын деп макул дедим. Кийин гана, кыска убакытта жасап бүтүр деген тапшырма алып, эки жыл иштей турган ишти, эки айда бүтүрүү үчүн каржалып, жанымды-жанга уруп иштеп жатканда гана баягы аксакалдын айтканы эсиме түштү. Касиеттүү «МАНАСтын» ааламы бар, бекер жерден болбойт экен деген ишеним менен аракет болду. Эстелик Бишкекке келип турган кезде да, кийин да чын эле ушундай бийик мааниси бар ишке аштыбы деп ишенип, ишенбей жүрдүм.

Экинчи, дагы бир, борбор калаабыздын көркүнө өзгөчө түс берген скульптуралык чыгармабыз – бул атактуу кыргыз балбаны Кожомкулга арналып тургузулган эстелик. Кожомкул чыныгы табигый күчкө ээ, бою 2 метр 15 сантиметр, таймашып адам жеңе албаган чыныгы балбан болгон.






Бул эстелик, борбор шаарыбыз Бишкектин спорт сарайынын алдында орнотулган. Азыркы кезде биздин калк үчүн гана эмес, спортчулар үчүн да касиеттүү, символикалык мааниси бар эстеликке айланды.

Ошону менен катар эле, Таластагы Манас ордо этнографиялык музейинде залкар манасчыларыбыз Саякбай Каралаев менен Сагынбай Орозбаковдун Манас айтып отурган фигураларын момдон жасалган фигуралары (автору Сыдыков Б. К.) абдан көп аракет менен жандуу дал өзүндөй жасалган. Алардын фотографиялык материалдарда сакталган элеси – манасчынын образында абдан даана берилген. Момдон жасалган скульптуралык фигураларда – кыргыз маданиятынын абдан орчундуу, түптүү булагы болгон Манас эпосундагы идеалдарды сактоо, элге жеткирүү максатында аны муундан муунга айтып жеткирип келе жаткан манасчылардын образы чагылдырылган.



Кадимки тирүү адамдардай формада, элестүү жасалгандыктан көрүүчүлөр жакын барып, айткан эпизоддорун көз алдыга элестетип Манас ааламына мейкиндиктүү ой жүгүртө алышат. Ал гана турсун кадикидей экен деп, жакын барып колу, бутун кармалап да көрүшүүдө. Жөн эле көрүп тим болбостон, алардын сакал, муруттарын, манжаларын сындырып жибергендигине байланыштуу, жаш балдарды жакындатпай тосмо коюуга туура келди. Бул баалуулуктарды сактоо иретиндеги дагы бир атайын көрүлгөн иш чара десек болот.

Биз Манасты манасчылар аркылуу алардын айткан үнүнөн тембринен жана жамгырдай төгүп айткан сөздөрүнөн билебиз. Музейдеги манасчылар аркылуу Манасты жана ал жашаган доорду толук көрүп, сезип жана ошол мейкиндиктин ичинде турган чоң аалам, Манас ааламы менен таанышып, Манас мейкиндигине ой жүгүртүүгө шарт түзүлөт. Эгер кыргыз жаштары Манас эпосун менен тааныш болуп, угуп, окуган болсо тез эле айкөл Манас атабыздын мейкиндигине сүңгүп кирсе болот. Момдон жасалган Манасчылар натурада биздин доордун адамдары болсо, музейде баары бир доордо Манас атабыздын доорунда жашап биз менен аралашып жүргөндөй. Мына ушул манасчылар кандайча скульптура катары жасалган жана искусствонун бул түрү кайдан келип чыккан?

Биринчиден, көркөм чыгарма каражаттардын жыйындысы болуп, бул искусство байыркы заманда эле пайда болгон. Мисалы, илгерки доордо бакшылар ж.б.у.с. момдон жаныбарлардын, канаттуулардын, адамдардын келбетин жасап ар кыл диний ырым –жырымдарда пайдаланып келген. Кийинчерээк май боёктун көркөм чеберлери боёк жасоо үчүн момду пайдаланышкан. Азыркы заманда бул техниканын аталышы – энкаустика деп аталат. Гректер менен римдиктер энкаустика техникасын дубалга тартылган сүрөттөрдө, айкелдерде колдонушкан.

Экинчиден, момдон адамдын фигураларын жасоо үчүн алдын ала даярдыктар жүргүзүлөт. Мүмкүнчүлүгүнө жараша 250 дөн ашуун өлчөөлөр алынып жүздөгөн ар кыл ракурста түшкөн фото сүрөттөрдү даярдоо зарыл. Айрыкча белгилүү адамдын көкүрөк ченемдерин алуу жагымсыз. Кийин жолукканда ыңгайсыз абалда калбоо үчүн белгилүү айкелчилер керектүү бул өлчөмдөрдү алдын ала иш жаңы гана башталганда өлчөп алышат. Так өлчөмдөрдү алууга мүмкүнчүлүк болбосо айкелчиге фото сүрөттөр менен гана иштөөгө туура келет.

Дененин скульптурасын жасоо жана даярдык көрүү - өтө татаал, жана көп убакты талап кылат. Алгач эскиз жасап, момдон жасала турган фигуранын турушун туура тандап алуу керек. Кийин ар кыл материалдан адамдын каркасы жасалат. Буттарынын турган ордун туура аныктап, жыгач же темирден таянычтарын жакшылап бекиткенден кийин колдорун жумшак алюминий зымдар менен жасоо керек. Бир иштин жүрүү процесси, бир апгага жакын убакытты талап кылат.

Арматурага сетка таштап, байлагандан кийин үстүнө ылай чаптап, моделдин үлгүсү жасалат.

Ал кургап, муздагандан кийин 2% кичирейип калат. Ошондуктан, ылайдан жасап жатканда баардык көрүнүшүнөн бир аз чоңураак жасоо керек.



Момдон куюш үчүн ылай үлгүсүнөн гипстен калыбы алынат. Фото сүрөттөрдү, өлчөп алган өлчөмдөрдү пайдаланып айкелчи ылайдан баштын үлгүсүн жасайт. Жогоруда айтылгандай эле баштын калыбын гипстен көп бөлүктүү калыбы алынып, момдон куюлат. Ылайдан жасалган үлгүсүнөн калып алгандан кийин, үлгүсүнүн экинчи кереги тийбейт.

Фигураны жасоо үчүн жана аны боёдогу аарынын тазартылган мому пайдаланылат. Ал эми калыбы жылуу суу менен сугарылып тоорсугандан кийин натуралдык өңгө (түскө) окшогон 74% эритилген момду калыптарга атайын куйгуч менен куят. 50-60 мүнөттөн кийин көп ката электе калыптан чыгарып алуу керек. Муздак абада жарылып кетпес үчүн кездемелерге ороп, муздаганга чейин кармайт. Кийин калыптардын бириктирилген жерлерин тазалап ашыкча жерлерин кылдаттык менен алып таштайт. Башы менен денеси өз, өзүнчө калыптарда куюлат. Момдон жасалган фигуранын портретинин үлгүсү толук жасалып, мимикалары, көз караштары, бетиндеги ар бир бырышы натуршиктин өңүнө окшош жасалып боёктору (гримдери) жасалып бүтсө чач тарач ишке киришет.

Адамдын башында 40-50 миң тал чач бар. Чач өскөн баш терисине түсү туура келгендей натуралдык чачтарды, сакал, муруттарды бирден-экиден төмөндөн жогору карай төбөсүнө чейин, атайын электр ийнелер аркылуу жабыштырып чыгабыз. Ооба бул өтө чеберчиликти талап кылган татаал жумуш. Бекеринен, элде айтылбайт: Адамдын көркү кайда, чач болбосо. Сулуунун көркү кайда, каш болбосо. Атактуу адамдарды чачынан алыстан эле таанып билсе болот. Таралган, буралган, тармалданган, өңү, түсү өздөрүнө гана таандык чач жасалгасы бар, ошонусу менен ар бир жеке инсандык образы түзүлөт. Маселен, биздин Ч.Айтматов, Пушкин, Байрон ж.б. Ал эми кашка баш адамдардын баш көлөмүндө өзгөчөлүктөр болоору белгилүү. Мисалы: Ленин, Горбачев ж.б. Сакал мурут дагы образ берип, колорит кошуп турат. Мисалы: Чапаев, Сталин, Чокморов ж.б. Момдон фигураларды жасоодо мындай бардык өзгөчөлүктөр эске алынуу менен жасалышы керек экендиги турган иш.

Андан соң, момдон фигураларды жасагандан кийин образ түзүүдө, алардын кийим жасалгалары да орчундуу орунду ээлейт. Момдон жасалган фигуралардын образын түзгөн кийим кечелерин бычмачылар, модельер, стилистер байыркы замандагы ич кийим, тыш кийимдерден бери жасап бере алышат. Ал эми белгилүү искусство жана аскер кызматкерлеринин кийген кийимдери ушул күнгө чейин, ошол мезгилдегидей музейлерде сакталып турат.

Момдон фигураларды жасоону үйрөтүү менен сабак өтүү азыркы учурда педагогикалык окуу жай болочок мугалимдерди даярдоодо чыгармачылык ой жүгүртүүнүн өсүп өркүндөөсүнө чоң өбөлгө болоору анык. Себеби, художник педагогдорду тарбиялоодо скульптура сабагынын өзгөчө мааниси бар. Мейкиндикти чагылдырууда скульптура башка искусствонун түрлөрүнө караганда көлөмдүү үч өлчөмдүү чыгарма болуп саналат. Мейкиндикти билдирип, мейкиндикте орун алган касиетке ээ. Ошондуктан көп учурда скульптуралык композициянын аткарылыш деңгээли автордун мейкиндикте ой жүгүртүүсүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша болот.

Мейкиндикти ой жүгүртүүнүн түшүнүгүн жана структурасын изилдөөдө чоң салым кошкондор катары көптөгөн окумуштуулардын эмгектери адистерге белгилүү. Ал эми, скульптуралык чыгарма жаратуунун теориялык суроолорун чечмелөө максатында эстетикалык баалулук жана скульптура тармагындагы адистештирилген ишмедүүлүк өзгөчөлүктөрү да көп эмгектерде каралган.

Бул арада психологиялык – педагогикалык усулдук адабияттардын анализи көрсөткөндөй, белгиленген маселенин маанилүүлүгүнө карабай мейкиндиктүү ой жүгүртүүнүн өсүп өнүгүү проблемаларына жеткиликтүү көңүл бурулган эмес. Окуу тапшырмаларын аткарууда жана көркөм чыгармаларды жаратууда ЖОЖ студенттерине болгон кыйынчылык образ жаратуу жана так маалыматтарга таянууда турат. Скульптура сабагында мейкиндүктүү ой жүгүртүүнүн өнүгүшүү үчүн адистештирүү программалар колдонулат. Окуу-усулдук материалдар жана материалдык техникалык жактан камсыздандырылат. Көркөм сүрөт педагогикалык ЖОЖ факультеттеринде мейкиндиктүү ой жүгүртүүнүн эффективдүүлүгү үчүн скульптураны окутуунун өзгөчөлүгүн эске алып атайын моделди иштеп чыгуу зарыл.

Ошондой эле төмөнкү маселелер чечилиши керек:

Мейкиндикте ой жүгүртүүнү өркүндөтүүнүн проблемаларын философиялык түп нускасынын негиздерин, психологиялык жана педагогикалык негиздерин таап жана ачып көрсөтүү.

Мейкиндиктүү ой жүгүртүүнүн өсүп өнүгүүсүн скульптура аркылуу ачып көрсөтүү.

Көркөм сүрөт педагогикалык жож факультеттеринде мейкиндиктүү ой жүгүртүүнү эффективдүү шартта ачып аныктап көрсөтүү.

Скульптураны окутууда өзгөчөлүгүн эске алып моделин өсүп өнүктүрүүнү негиздеп, кайра иштеп чыгуу.

Мейкиндиктүү ой жүгүртүүнү өркүндөтүүдө иштелип чыккан методиканын натыйжалуулугун текшерип эксперименталдык текшерүүнү турмушка ашыруу

Биз өз тажрыйбабызда жогорудагыдай маселелерди комплекстүү чечүү керектигине ынандык. Жалпысынан жыйынтыктасак, скульптура өнөрү аркылуу студенттердин эстетикалык маданиятын калыптандыруунун мүмкүндүктөрү кенен, келечектүү. Бул сунуш кылынган маселе өтө маанилүү болгондуктан, скульптура өнөрү көп багыттары аркылуу руханий жактан тарбиялоо мүмкүндүгү кенен экендиги, анын ичинен эстетикалык маданиятты калыптандырууда орду зор экендигин эске алып, ушул багытта дагы көптөгөн изилдөөлөрдү талап кылынаарын айтмакчыбыз.

**Колдонулган адабияттар**

*Каралаев С. МАНАС, Казань шаары, 1958.*
*Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын тарбиялоо концепциясы. – Бишкек, 2002.*
*Кант И. Сочинения в шести томах. – М., 1964. – 192 с.*
*Соколов В.Н. Лепка фигуры. - М.,1962*
*Сыдыгалиев Ж. Кыргыз искусствосунун өнүгүш багыттары. - Б., 2004.*

## ИДЕНТИЧНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ В КУЛЬТУРЕ КАЗАХОВ И АМЕРИКАНСКИХ ИНДЕЙЦЕВ

**Далдиева Гулдана** – *магистрант 1-го курса КазНАИ им. Жургенова*

История культуры играет важную роль в жизни каждого народа. Известно, что культура не развивается обособленно, происходит взаимообмен между различными народами и обществами. Исследуя историю культуры того или иного народа, общества, мы находим связи и общие точки соприкосновения. В свою очередь, изучая связь культур различных эпох и народов, мы строим мосты между народами и странами в настоящем.

Среди ученых давно уже существует мнение о близости предков казахов и североамериканских индейцев. Данная гипотеза подтверждается исследованиями в лингвистике и генетике, некоторыми археологическими находками. Ещё в 1638 году англичанин Дж.Джосселин заметил, что язык индейцев Северной Америки похож на тюркские языки.

Исследования последних лет в различных областях дали широкую доказательную базу для этой гипотезы. В этой работе мы постараемся исследовать эту связь на примере национальных орнаментов казахов и индейцев Северной Америки.

По данным антропологических данных, в эпоху позднего палеолита произошло переселение народов из Евразии в Америку, через исчезнувший впоследствии перешеек Берингова пролива.

В 1492 году, испанский мореплаватель Христофор Колумб во время одной из своих экспедиций, приняв новые берега за Индию, прозвал местный народ «индейцами».

Индейцы относятся к американоидной расе. Американоидная раса характеризуется прямыми черными волосами, смуглой или темной кожей, прямым носом. Глаза у американоидов шире, чем у монголоидов, но уже чем у европейцев. Эпикантус часто встречается у детей и исчезает, в большинстве случаев во взрослом возрасте.

С приходом европейских колонизаторов в Америку, начался упадок культуры, прервался естественный ход развития индейцев, произошло вытеснение и истребление коренных жителей американского континента. От некогда великих культур, сохранились лишь устные народные легенды.

Искусство это образное осмысление и отражение действительности, выражение внутреннего или внешнего мира творца или всего сообщества, часть духовной культуры. Вид искусства всегда тесно связан с бытом и образом жизни народа. Так, народы Средней Азии вели кочевой образ жизни, занимались скотоводством, торговлей, охотой, ремеслами, были военными завоевателями, пользовались продуктами земледелия. Характеру кочевника присущи гостеприимство, неприхотливость и выносливость, имеется культ войны, воина-всадника, что в свою очередь отразилось и на творчестве. Это устный эпос, звериный стиль в изобразительном искусстве, особое отношение к природе – главному источнику существования.

Индейцы занимались рыболовством, охотой, собирательством, земледелием, такими ремеслами как изготовление изделий из керамики, резьба по дереву, плетение корзин, ткачество и т.д. Некоторые индейские племена так же вели кочевой образ жизни.

Археологические находки показали связь культур наших предков с предками коренных жителей американского континента. Предметы материальной культуры имеют схожие элементы. С другой стороны, многие ученые-лингвисты отмечают поразительное сходство тюркских языков с языками индейцев Америки.